# КУЛЧЫГАЧ ЖЕРИНДЕ….

# МИҢ КУШТА

# КОЧКОР ЖЕРИНДЕ ЖАЗЫЛГАН «КОЛ ДЕПТЕР»

## ЫЙМАНБАЙ УУЛУ ЫРЫСААЛЫНЫН БАСЫП ӨТКӨН ЖОЛУ ЖӨНҮНДӨ БИР ЭКИ ООЗ СӨЗ

Шору каткан Ырсалы үч жашка чыкканда энеси Каныштан ажырады. Чоң энеси Күлүкандын колунда калды. Чоң энеси Ырсалыны алпештеп кирпигине кир жугузбай, кийбегенди кийгизип, ичпегенди ичирип, жакшы бакты. Ырсалы сергек, зээндүү, «куйма кулак» эстүү адам болуп өстү. Ырсалы деңде олтурган карыялардын жанында болуп, илгерки өткөн баатырларды, акылмандарды, саяпкерлерди, мүнүшкөрлөрдү, найзакерлерди, акындарды, көзү ачыктарды, сынчыларды, куудулдарды, манаптарды, эл бийлеген мыктыларды, байлыгы чириген байларды, соодагерлерди, сөздөн жаңылбаган чечендерди жана бий-болуштар жөнүндө сөз кылынса, алардан уккан сөздөрүн кулагына кумдай куюп алып, эч бир унутпай, уккан сөздөрүн өзүндөй кылып айтып берип, кайта элди тан калтырып турган. Атасы Ыманбай болсо Дыйканбайдын баласы Мырзабектин «көрөр көз жигити» болуп, өмүрүнүн акырына чейин, тузун татып, даамына кара санабай ак ниети менен кызмат кылган. Ошон үчүн Ыманбайды болуш Мырзабек жооптуу татаал иштерге

такай жумшап турган. Ошондой эле эң ардактуу сыйга татыктуу конокторду тейлөө жагын да ага тапшырган. Ыманбай мейли Нарын, Чүй, Ысык-Көл, Кетмен-Төбө жана башка жактан келген конокторго кимдин атын мингизиш жана кандай кийим кийгизээрин мурунтан даярдап койгондуктан, болуштун үй-бүлөсүнө жана болуштун өзүнө барктуу болуп, ар дайым сыйга татыктуу болгон. Бир күндө алты жерден конок алса да, кабагым-кашым дебестен, алты жолу казан асып ар кандай шарт менен аларды жөнөткөн. Болушка кадырлуу Ыманбай сезимтал-сергек жана чыйрак баласы Ырсалыны он уч жашында чай кайнатып берип туруу үчүн Мырзабектин эшигине малай кылып алып барып берген. Шамдагай-шайдоот жана сезгич, айткан сөздү аткан октой илип алган, жумшаган жумушту сакага кыт куйгандай так аткарган Ырсалы чайды куюп берип, андан кийин алардын аттарына жем-чөптү убагында салып, өздөрүн ызааттап турган. Алардан ар түрдүү сонун сөздөрүн угуп, ошондой эле ар уруктан чыккан баатырлардын эрдиктерин жана элге тийгизген пайдасын, алардын туткан кадыр-баркын, жаш бала кезинде эле кулагына коргошундай куюп, аны башына сактап «куйма кулак» Ырсалы аталганы бекеринен эместир.

Элдик санжыраларды кээ бир адамдар менен айтыша кетип жеңип койгон мезгили да болгон. Санжыра сөздөрдү жыл сайын арбытып айтып турган, анткени жыл сайын акыл сезими да өөрчүп  күчөй баштаган. Кайсы уруктан мыкты адамдар көп чыккандыгын ажырата билип, талаш-тартышта жеңип коюп да жүргөн. Санжырада көп каталыктар болот. Кээ бир убакта атасын баласы, баласын атасы кылып алып жаңылгандарга түзөтүү берген жана далилдеп, сэздин көзүн таап аныктоо аркылуу аларды так айтуу жөнүндө таш каптырып жеңип койгондугу менен эл арасына даңкы чыккан. Сөз сүйлөгөндө

такыр карбаластап шашпаган. Ким сөз сүйлөсө угуп олтура берген, эч кандай сөздү жыраталашып, сүйлөп жаткан кишини кемсинтип, беделин түшүргөн адам эмес. Кетирген каталыгын уккандан кийин акырын гана: «Сиз кимден уктуңуз эле, ал жери мындай айтылат» - деп, сүйлөгөн кишинин көңүлүн көтөрүп: «Мен баланча санжырачыдан уктум эле, анын айтуусу боюнча мындай деген. Сенин ошол жериңден ката кетип калды», - деп, ошол жерин оңдоп, түзөтүү киргизүү аркылуу гана жеңип койгон. Сөз айтып же сөз сүйлөп жаткан кишини эч убакта кагып назарын сындырбай, качан сөзү бүткөндөн кийин гана катасын далилдеп айтып, аны кайра сөз угууга жана сөз айтууга кызыктырган. Ырсалы санжырадан сүйлөп турганда уккун эле келе берчү деп уккан адамдардын көп тамшанып айткандарын угуп калдык.

Тили бал сыяктуу таттуу, сөз сүйлөгөндө уккан адамдарды өзүнө магнит сыяктуу тартып турган. Өзү кайраттуу, демилгечи жана чечкиндүү да адам экен. Акылы терен кандай иш болсо да алды ала билип турган. Киши менен сүйлөшкөндө анын сүйлөгөн сөзүнөн эле, кимдин ким экендигин билип өзүнүн сөзүнө жараша сөз аркылуу жооп берип койгон. Ал адам сөзүнө жараша жооп алганына кубанып Ырсалыны урматтаган-сыйлаган...

Ырсалынын бир арманы, өзүнүн кат билбей калышына катуу өкүнгөн. Себеби кер оокаттын айынан сабатсыздыгын жоё албаган-дыгына оозунан кара түтүн чыгып гана буркурап-буркурап кетчу экен. Ага болобу? «Куйма кулак» болгондон улам уккан сөзүн унутпастан, мээсине гана жыйнай берген. Бир мисал келтире кетели: Эгер бир адам нарын тараптан келип учурашып калса: «Кайсы айылдансың?», <<Баланча айылдын манабы ким?», «Баланча айылдан, түкүнчө

уруктан турбайсынбы?»! - деп ал келген кишинин уругун таап айтып берген.

Кыраакы адам Ырсалы, киши айтып жаткан сөздүн айтылыш мазмунун сөз сүйлеп жатканда ичинен баа берип баалап турчу эле. Сөздү темир менен жыгачты көзөгөндөй ийине келтирип, суроо берген адамынын журек отун, арчанын чогундай жезди эритип жаткандай кубандырган жана күчтүү наспай тарткандай кумарын кандырган адам эле. Уккан сөзүн уккандай калп аралаштырбай, көргөнүн көргөндөй, уккан сөздү ташка тамга баскандай бир жеринен жанылбай, сөздүн атасы сүйлөп жаткандай накта таза кылып сүйлегенде, угуп олтурган адамдардын эт жүрөгү эзилип, сөздүн кымбаттыгын кандай сыйласа, сез уккан жана суроого так жооп берген Ырсалыны эң жогору баалашкан. Аны «атанын баласы» деп ар дайым сыйлашкан. Кыргыздын «оң жана сол» деген уруктарын жана алардан чыккан акылмандарды жана данктуу адамдарды ачык даана санжыраны так билгендиктен, ар дайым талаш-тартыш сөздөрдү так чечип, сөз менен таасирдүү айтып берүүгө аракет жасаган. Уккан сөздөрүн чаташтырбай эл алдында кайсы сан-жырачыдан, кайсы сөзду уккандыгын унутпастан бөлүп-бөлүп айтып берүүсү менен сөз кадырына ээ болуп, уккан сөзүн унутпагандыгы менен башка адамдардан айырмаланып турчу. Кээ бир санжырачы Өз уруусун эле мактай берүүсүнө жол бербей, кийин жаш муундарга уят болуп калуусун да эскертип кеткен. Даана билгенди ачык айтып, калп айтпай уккан элди кубанткан. Эгерде ачык эмес бүдөмүк болуп калса, даана билген санжырачыдан уялбай эле сурап алып кайта айта берүүсүн эскерткен. «Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт», сөз атасы улам ар бир адамдан угуу менен кайра талкуулоо менен чындыкка чыгат дечу...

Таасын жакшы сөздөрдүн баары эле биринен-бири угуу аркылуу ооздон-оозго өтүп, эл арасында сакталып келе жатпайбы? Өзгөчө сөздү өз нугу менен айтпай, өйдө-ылдый кылып аралаштырып жиберсе сөз супсак болуп калат. Ал убакта сүйлөп жаткан сөзду угуп олтурган адамдардын уккусу келбейт. Ырсалы санжыралап айткан баатырларды, саяпкерлерди, мүнүшкөрлөрдү жана башка кызык окуяларды баласы Бексултанга да сабак бергендей үйрөтө баштаган. Биздин убакта жазма тамга жок болгондуктан жазалбай калдым деп кейиген. Бирок санжырачы экенин өзү кайдан билсин? Мына буларды айтып берип: «Жазгын!» - деп баласы Бексултандын кулагына кумдай куйган. «Музооке ырчынын Токмокко келиши>>, <<Ормон хандын Кара мергени», «Чычай мерген жана мүнүшкөр», «Медет даткага баласы Дуулаттын аш бериши>>, <<Байтиктин кызына комузчу Султандын үйлөнүшү» деген окуяларды шааниси менен айтып кеткен. Бул айтып келген осуят сөздөрүн эми баласы Бексултан ак кагазга түшүрүп жатат. Ырсалы жалан эле санжыраны билбестен, куудул, кыска сөз менен адамды күлдүрө тургандай, чукугандай сөздөрдү тапкан адам эле. Элдерди күлдүрүп өзүнө тарткан жана жамактатып ырдап жиберген шайыр киши ушул болчу. Эл жоро ичкенде жорону башкарып, жородо өз теңин да ырдатып, элдерди күлдүрүп, кубандырган. Жоро ичкен элдердин бирин да калтырбай ырдатып жорону көңүлдүү жана шаттык менен чыр-чатаксыз тараткандыктан, кырк киши ичкен жорону башкарууну Ырсалыга ишенип жүктөп коюшкан. Жоро чыр-чатаксыз тарап турган. Ошон үчүн Ырсалы эл ишеничине ээ болгон.

Кээ бирде элди күлдүрүү үчүн ар түрдүү сөздөрдү таап, элдин боорун эзип, көзүңөн жаш чыкканча күлдүрчү дейт жарыктык ата...

Бир окуясын айтып берели: Айдаркан деген адам «да» деген

орус сөзүн билчү экен. Совет өкмөтү убагында геологдор жердин байлыктарын изилдөө үчүн келишкенде: «Сен орусча тилди жакшы билесиң деп, жана атын багып, жер көрсөтүп бергин!» дешип, колхоз Айдарканды элчи кылып кошуп беришиптир. Алар менен күзге чейин жүрүп Айдаркан күзүндө келиптир. Бир куну колхоздун канторунун жанына эл чогулуп турганда Айдаркан келип калат. Ырсалы элди күлдүрүү үчүн: «Айдаке, келиңиз орустар менен канча убакыт жүрдүңүз?» - деп сурап калат. Анда Айдаркан үч-төрт ай дейт. Орусчаны үйрөнүп жана жакшы билип калгандырсыз дейт, эчтеке менен иши ою жок Айдаркан: «Да», бир топ эле орусчаны үйрөнүп калдым» - деп мактанып коёт. Билгизбей жоруптап туруп Ырсалы акен Айдарканды капканга түшүргөн экен. Анда мен үч-төрт суроо берсем айтып бере алар бекенсиз?» дептир. Айдаркан: «Айтпаганда эмне <<да>> - деп койду дейт. Анда Ырсалы ойлоно калып: <<Орусча ТӨӨнүн кулагын эмне дейт экен?» - деди. «Ээ, Ырсаке, эсимде эле турат, азыр айтып беремин» - дейт. <<Эсимден чыгып кетиптир» дейт бир аздан кийин. «Чулук>> деп айтып жүрбөсүн дегенде. «Да, чулук, да чулук да, чулук Ырсаке!» дептир. Күлбөгөн киши калган жок. «Орусча төөнүн таманын эмне деп айтат?» - десе. «Ырсаке, эсимде эле турат» - деди. «Тарпан» деп жүрбөсүн десе. «Да», Ырсаке, «тарпаң» да Ырсаке, «тарпаң» да» - дегенде ыкшып эле боорун тырмап жаткан эл. Анда Ырсалы: «Төөнүн моюнун орусча эмне дейт экен?» - десе. «Ээ, Ырсаке, эсимде эле турат. Эстен чыгып жатат» - дегенде. «Койкоң» деп жүрбөсүн?» - дегенде ун-сөзү жок
десе. <<Да>> Ырсаке «койкоң» да, «койкоң»
күлүп эле жүргөн кишилер. «Айдакем орусчаны суудай үйрөнүп

келген турбайбы?» - дегенде, Айдаркан капаланбай: «Да» Ырсаке, <<да» - деп атын моюнга чаап кетип калыптыр. Ушул сөздү азыр да кеп кылышат элде.

Ырсалы Жумгал районундагы Чаек колхозуна мүчө болуп кирген кези эле. Колхоздо сугатчы, кырманчы, арабакеч жана эң акырында уй ферма башчысы болуп иштеп пенсияга чыккан киши. Эми био икаясын айтып берели: Эгин кырманда басылып жаткан убак болот Кек-Ой колхозу менен Чаек колхозунун ортосунда социалисттик мелдеш болуп, кырманды текшерип тургун деп Уметалы деген колхозчуну Чаек колхозуна жиберет. Ал киши сак киши экен кырмандан элге «кыпын» алдырбайт имиш... Баарын тажатат Ырсалы жакадан кырманга чыгып барса эле кырманчылар: «Ээ, Ырсаке тууганыныз Үмөталы эч эчтеке алдырбай жатат. ӨЗҮН айласын таппасан болбой калды» - дешет. «Унаа, кабыңар даярбы? - дейт Ырсалы. «Үч төө, үч өгүз турат» - дешти алар. Ырсалы ойлонуп туруп: «Үмөталыны мага чакыргылачы» - деди. Үмөталы келип тууганы менен учурашып, чай ичип олтурушканда эле Ырсалы бир талаш сөз айтып калат. Үмөталы андай эмес деп чочуп кетти эле «Жок адамдын отуз эки тиши болот» - деп талашып калышты. <<Эгер болсо анда сиз чалканыздан жаздыкка жатып бериңиз, мен сиздин тишинизди санайын» - деп, башына жаздык койдуруп, астына төшөк салдырды да, Үметалыны чалкасынан жаткырды. Рысалы төшүнө минип алып, кырманчыларга сол колун булгап, кайра колду жууп келейин деп, эшикке чыгып, колдорун жууп келип, Үмөталынын төшүнө коомай олтуруп, оозуңузду чоң ачыңыз деп оң колунун сөөмөйү менен санап келип, жыйырма тогуз тиш экен деди. «Жок кайра сана!» - деди Үмөталы. Санап келип эле отуз тиш экен деди, анда ачуусу келген Үмөталы: «Кайра сана!» - деди, Рысалы шашпай

кайра санап келип жыйырма сегиз тиш экен деди. «Жок кайра сана!»- деди тиги. Анда алаксытып? «Түшкөн тишиңиз жок беле?» - деди Үмөталыга. «Жок тишим түшө элек, жакшылап санай албай жатасың». Рысалы: «Калп эле айтасыз го адамда отуз эле тиш болот» - деп, ачуусуна тийип койду. Ушул учурда кырманчылардан «жүктөп бүттүк» деген кабар келди. Кырманчылардын баары эле ыкшып күлүп жатышат. Ырсалы өзүнүн ишин бүткөндөн кийин: «И-ии, жарыктык тишиңиз кой тиш турбайбы? Эки тишиңиз өтө эле майда турбайбы? Отуз эки тишиниз бар экени чын турбайбы? - деп анын төшүнөн түшкөндө, кырманчылар чай иче алышпай ыкшып калышкан дейт...

Ушул окуяны азыр дагы эле эл арасында кеп кылып жүрүшөт. Шайдоот кырманчылар үч төө, үч өгүзгө алеки саатта эгиндерди жүктөп жиберишип келип отурушкан тура, анан Ырсалынын жоругуна ким күлбесүн.

Ырсалы балбан жана баатыр да киши болгон экен. Тогуз-Тородо эңишке түшүп Казармандагы солдаттардын арасынан разряды бар бир балбанды ат үстүнөн эңип түшүптүр. Бул балбанды жыккан-дыгына бүткүл эл жана солдаттар таң калышыптыр. Жыккан балбанды көрөбүз деп келгендер кандай өнөрү бар экен дешип Ырсалыны сурашты эле, анда Куйручук: «Бул балбан ашууда курткуге тыгылып калган атан төөнү жүгү менен күрткүдөн сууруп алган экен» - десе. «Анда биздин балбан эки азоо асый чыкма байталды куйругунан кармап токтоткон, анда бул балбан андан да күчтүү экен» - дешип алар басып кетишиптир.

Жумгалда атагы чыккан эң зор найзакер адам болгон экен, аты эсимде калбаптыр. Ошол найзакер менен да бир байдын ашында найзага түшүп он жети жолу беттешип алыша албай коюшуптур.

Байгесин тең бөлүп беришиптир.

омгерчилиги менен

Сүйлөгөн сөзү бал татыган, өзүнүн сонун адамгерчилиги менен ага-туугандарына, эл-журтуна кадыр-барктуу адам Ырсалы Ыманбай уулу он жети уул-кыздуу болгон. Өзу орто бойлуу, уютуп койгон коргошундай денеси чымыр, эки көзү болсо оттой жалбырттап куйуп турган, жаркылдаган «кумар жайнак» деген аты бар киши эле. Колдору сексеелдүн сөөгүндей катуу, сакалы сыйда, муруту керилген, башы жан казандай чоң, кулагы ырыска шерик көнөктүү адам эле. Атактуу чоң кыякчы Күрөңкей бир жылы Мырзабектикине келип, шыпылдап чай куюп жаткан баланы мандайынан сылап туруп, кулагын кармап көрүп: «Ыманбайым, бул балан ырыскылуу жана таалайлуу болот экен дептир. Анткени кулактары көнөктүү экен» Ырсалы эч бир жамандыкты кербей май-сүттүн үстүндө жүрүп өтүп кетти. Он жети баланын атасы болду. Азыр уч уулу, бир кызы бар. Тертее тең жогорку билимдүү. Эң улуусу Бексултан кесиби мугалим. Бекмырза кесиби курулуш инженери. Сталбек кесиби боюнча инженер-механик. Кызы Сатынбубу кесиби боюнча медик. Төртөө тең бала-бакыралуу. Бексултандын төрт келини бар. Эки кызы турмушка чыккан. Сегиз уул-кызы бар. Бекмырзанын уч кызы турмушка чыккан. Калган балдары окуп жүрүшет. Сатынбүбүнүн бир келини бар. Бир уулу үйленген бала-бакыралуу. Терт баласы жогорку окуу жайын бутушкен. Акылман санжырачы Ырсалы атабыз 77 жаш курагында 1968-жылы жарык дүйнө менен кош айтышты. Байбичеси Ажы кызы Абыйкан апабыз 90 жашында 1993-жылы опасыз жалган дүйнөдөн кетти. «Куйма кулак» санжырачы, бир айтканын эки айтпаган, уламаны улаган Ыманбай уулу Ырсалынын

айтып жүрген сөздөрүн баласы Арык уулу Бексултан бул убакта жарыкка чыгаруу учун басмага даярдап жүргөн кези...

КОШУМЧалай кете турганыбыз:

Ырсалы 1930-жылы колхозду уюштурууда активдүү катышып Чаек колхозуна биринчилерден болуп мүчө болуп кирген адам. Ошондон тартып колхозго жан дили менен берилип демилгелүү түрдө иштеп келген. Колхоздун жер аянты аз болгондуктан, дың жерди таап өздөштүрүп, ага суу чыгарууда көмөк көрсөткөн адам болгон... <<Туума» деген жерге «Кыбачы» (инженер) Чүкөбай уулу Бийназарга жардамчы болуп Туумага Миң-Текеден жана Чет-Куугандыдан эки жаңы арык чаап чыгарып берген... Суу чыккандан кийин дың жер өздөштүрүлүп, Чаек эли эгинди мол алышкан ...

**Бул даректүү баян Арык уулу Бексултандын кол жазмасынан алынып басылды.**

Жумгал, эскиче эл эсебинде төрт болуш эл экен...

Жогорку Курманкожо жагын КӨКҮМБАЙ, КУРМАН деген журт жакшылары башкарып турган, маселде...

Суу бойлой жайгашкан төмөнкү сурамын Кулчыгач айлын, Суусамыр жерин бүтүндөй кошкондо МУРЗАБЕК, ТҮРКМӨН Деген манаптар бийлик кылып турган, чамасы бар?..

Мурзабек манапчылыгында Мурзабек менен кошо журуп ага жигитчилик ак кызматын өтөп, манапчылыктын барк-баасын билип, сый-сыпатын сөөлөтүн кошо тарткан, ошол замандын журт башкарган жакшылары менен үзөңгүлөш болуп, бирге туз-даамын таткан, дасторкон үстүндө чайлашып, аш-тойлордо дамамат эр энишке да, эр сайышка да түшүп, көкбөрү тартып, «кыл чайнашып»,

эчен күмүштөй аппак танды күлпөт менен, күлку менен атырган, «кызыл тилдин жоргосу», санжыра сөзүн «саз айткан» кадыры кымбат атабыз ЫРСАЛЫ ИМАНБАЙ Уулун бул китебибизде эскербей, жазбай кетсек, Жумгал жеринде чыккан чыгаан таланттуу адамдардын бирден-бир орду толбой бөксөрүп калмак...

**БОЗО «САНЖЫРАСЫ»…..**

Атабыз, ЫРСАЛЫ ИМАНБАЙ Уулу 1889 - 1969-жылдары Жумгалда жашап өткөн ИНСАН...

Теги Саяк, Кулчыгач элинен, чапкынчы уруусунан чыккан чоң сөзмэр адам болгон...

Мурзабек манап (1932-жылы өлгөн) манапчылыгында жаш болсо да тың жигити катары ага ак кызмат өтөгөн... Келим-кетимди тейлеп турган... Ашка-тойго келген ошол кездин мыктыларын, журт башкарган ЭЛИТАсын тосуп, узатууга катышкан... Конокторун сыйлап, колун узартышкан...

Олтуруштарды көркөм сөзү менен көк таңды атырган...

Атабыздын «кеп куржунунда», атабыз айтып калтырган Куйручук бабанын Жумгал Саяктарынын манаптарына берген сын-баасын баласы БЕКСУЛТАН көкүрөккө илип алып айтып жүрөт... Ал кеп кийинкиде болсун...

Апабыз Абыйкан байбичеси, келин кезинде атабыз менен бирге журуп, «Чоң аяктан аш ичкен» аял болгон дешет... Себеп дегенде манапчылыктын кенен-кешигин келиштире кармаган... Сөөлөтүн көргөн... «Чоң казандын бир кулагын тегереткен»?.. Билерман, колунан аш келген, колунан иш келген керемет аялдын бири болгон экен...

Атабыз ЫРСААЛЫнын өз оозунан угуп, айтылып калган «кыргыз

бозо» санжырасын анын баласы Арыков Бексултан агабыздын өз оозунан толугу менен уктук...

Кеп учугун анда ошондон улап көрөлү...

Атабыз айтчу экен:

-Бозо болбогон тамак,
Бойго турбаган тамак?..
Боркулдап кайнаган тамак,
Боюна кирсе ырдаган тамак!
Башка тамактан айырмасы,
Баага арзып, башынан
Эл-журт сыйлаган тамак!..

- Адам ойлоп чыгаргандан кийин, мунун деле адамдай кыялжоруктары болот, - дечү экен... Кайран киши карс-карс күлүп...

Төркүнүң эмес бул бозо?
Төрт тууганың болбосо...
Төрт күнү сүзүп «кордосо»,
ТӨБӨЙДӨй баатыр болсоң да,
Төбөңдөн урган бул бозо!
Бозонун жайын бил ошо?
Беш бир тууган бул бозо...
Бешимге чейин кайнатып,
Беш күнү «терсең» суу тосуп,
<<Беш көкүл» кыздай ойнотот?..

Эшикти бекем илип ал!
<<Беш түлек» берен бүркүттөй,
Берендигин билип ал,
Беш түлеп берээр түрү бар?..

Берендей баатыр бул бозо...

деген экен «бозонун пири»...

<<Бозодогу сөз бокко өтпөйт» деген сөз да бекеринен

чыкпагандыр? Бозонун күчтүүлүгүнөн чыкса керек деп ойлойм...

- Бозону азамат жигиттер ичсин кайрат үчүн!..

-

Бозону акылдуу адамдар ичсин, байлык-мансап үчүн? - дечу

атабыз...

Акмактарга бозонун ачымалы да ашыктык кылат, дээр эле

жарыктык киши, нурдуу жылмайып...

Бозонун **биринчи түрү мындай экен:**

– Чыла даам, чык татырбас - деген бозо,

– Ууртасаң уу ичкендей, татымы ошо...

-Тилге тикенек сайылгандай

– Тил чыла даам татыыр?..

– Ичиңди өрттөп куйкалап тураар бул бозо баатыр?

– Суусун терип мелтиреп...

-Сууктан тоңбогон, суугa чөкпөгөн,

Отко күйбөгөн, опол тоодой көрүнгөн...

Обору сугалак эрди да, бул «жыгып өлтүрөт» –

дечү эле атабыз саймедиреп...

**Бозонун экинчи түрү:**

– Буура даам, кер куйкум?

– Буркулдаган буурадай,

— Ээ-жаа бербей көбүрүп,

– «Эн» аяктан төгүлүп...

– Даамы куйкум жыттанган,

- Далай жыттан бөлүнүп? ..

- Эки керден сен жутсаң,

– Эсиң кетип элирип?..

– Эсиңди жыйып ичпесең,

- Эр жигит баркың жоголоор,

— Абийриң күлдөй төгүлүп...

**Бозонун үчүнчү түрү:**

-Суу даамы бар сүйлөтмө?..

- Сулуу кызды суйленткен…

-Суу ичкенсип билинбей,

-Суусардан бетер мант берип,

-Сулуудай жүзүн түрлөнткөн…

– Түтүнмө-түтүн кыдыртып,

– Түштөн кийин күүлөнткөн?..

Балдарын татыыр бозо ушул,

Басып-туруп күндө ичкен…

Ачуурканбай эл ичкен,

Атаң, бабаң тең ичкен…

**Бозонун төртүнчү түрү:**

- «Кекире даам, кер чагыр»?

Керемет бозо бул дагы…

Кеңилжер жарып, кекиртип,

Кечке эле келет ырдагын?

Бирок,

Сый конок менен муну ичип,

Сырдашып көпкө турбагын?

Ойлонуп көргүн бул жагын?..

**Бозонун бешинчи түрү:**

- <<Набат даам, наалытма»?

Нарыдан-бери жасалган,

Бозодой анын туру жок,

Бозокор туруп азандан,

Бозону издеп базардан,

Болгонун ичээр базардан?..

Камырга кошуп ачыткан,

Наркы жок бозо, <<наалытма»?

Каалаган ичет казандан…

Издеген табаар базардан…

**Бозонун алтынчы туру:**

- Карагат даам, «кан чокур>>?..

«Журекке урма» бул кокуй!..

Угуту буудай шак болот,

Ушуну салган аялдын,

Убарасы аз болот…

Бозону сүзгөн аялга,

Күйөөсү мындай «шарт» коёт….

- убара болбо, эй катын!

Узун элге кеп болуп?..

**Бозонун жетинчи туру:**

-«Саат көз Турусбек»?

Муну ичкенде уруш кеп…

Укмуштуу сөз чыгат,

Ушундан улам «көз чыгат»!..

Адам акылынан айнып,

Айбанга теңелип турат ?..

Андан эс чыгат?..

-<<Саат көз Турусбек>> ошо

«Сааты сайын секирген» бозо?..

Акылы кемге эскирген бозо,

Акылы барга, жетилген бозо!

**Бозонун сегизинчи түрү:**

- «Суу даамы бар сулатма>>?

Сулатчу бозо бул абдан…

Суулары калган терилип,

Суусундук ичкен булактан…

Сугу түшкөн ар адам,

Суранып ичкен боз улан!..

Жыйыштырып уятын…

Жыгылып тушкөн туурадан,

Жылытмасын ууртаган?..

**Бозонун тогузунчу түрү:**

-«Кара куурдак, тер жайлак»?..

Кадимки бозо, «бал каймак»!

Узун сары маалында,

Келтирип аны табына?!

Ургаачы салчу бозо бул.

Угутун тескеп абыдан...

Сорподой суюк түсу бар,

Согумдай көрүп ичип ал!

Куурдактай анын күчү бар,

КысынбаЙ Туруп ичип ал...

Шакардай кайнап бул турса,

Шаанисин билээр киши бар?!

**Бозонун онунчу түрү:**

- «Курманкожонун кулгутмасы»?

- Унун көп салып,

Угутун аз салып...

Куйруктан «көш» салып,

Алыстан «көз салып»?..

- Ачыбай жебиреп,

Айрандай мелтиреп?..

А, кокуй, болду! - деп,

Сүзөлү эртерээк,

Убагы келди? - деп,

турган бозо!..

Конокко берчү бозо эмес, бозо?..

«Курманкожонун кулгутмасы»

Ошо?!

**Бозонун он биринчи түрү:**

- <<Мисалда» ?..

Бозого кошуп «КҮЧАЛА»,

Чыгарган бозо <<мисалда>>?

Бозого салган «жал-куйрук»,

Алкынды калбай жукарган...

Күкүрттөй күчү сезилип,

Кулкунга куюп жутаарга?

Кубаты мүрөк суусундай,

Кыргызың тарткан «МИСАЛДа»!..

Кыл аркан тепкен селкинчек,

«Кыз оюн» керек, бузаарга?..

Дайныңды таппай каласың,

Дардактап ичсең, мисалга?..

**Бозонун он экинчи түрү:**

«Атай байдын бозосу»?

Ажыраткан акылдан,

Абыдан бозо- «тозоку»...

Азамат эрди «мыш кылган»,

Айымдардын бозосу!..

Теректи оюп жасаган,
Төрт бурчуна төрт кесим,
«Төгөрөк куйрук» матаган?..
Төө өркөчүн – «асаган»...

Угутту салып челекке,
Ушу турган терекке?..
Өткөрүп сүзүп, электен,
Атай бай берген «белекке»?

карагай челек чабылган,
Капкагы мыктап жабылган...
<<Атай байдын бозосу»,
<<Алты ай» жерге багылган?..
Атан төө карды жарылган,
Алтын күз, аш-той маалында,
Ачылган бозо ушу экен,
Айтылып калган Аалымдан...

**Бозонун он үчүнчү түрү:**

«Куу булут кумпай» аты бар,
Кылыктуу жандай «заты» бар?
Кымыздай ачып сабада,
Шакардай кайнап казанда,
БУЛУТТАЙ УЧУП абада,
Эр жигит ичээр бозо ушул.

Эрмендей оозго татымал?

Керденин ичсең бирди алып,
Кекиртип турат, черди алып…
Буу чыгып денең дем алып,
Буудандай учкул, жери алыс!
Буканын мойнун толгоочу,
Буурадай күчтүү Азамат,
Буйдамга келбей жыгылган,
Мунундан ичсе «<ыргалып»…
Бул ойго, келбей ар-намыс!

Муну ичкен жигит
Эр неме?
Булдурттайт тили эмнеге?
Сүрүнөн жүрөк калтаарыйт,
Күркүрейт, бороон белдеги?
Күйүгүп турат баса албай
Күлкүсү чыгып, эмне эле?
Өзгөрүп өктөм кыялы,
Көзүнөн бери тердеген?
Көлкүлдөп муздай эриткен,
«Куу булут кумпай» эр неме...
көтөрүлбөй алтын баш,
көмөлөнгөн кайран эр
Көк чылгый эркеч чаначтай,
Көмүскө жаткан жердеги!

Атанын сөзмөрдүгүнө баа жок, анча-мынча поэзия тилине салып

койдук мына, санжырасын?.. Айып көрбөс ал үчүн туугандарым, калганын эл сынасын ?..

## <<АЛАБАШ>> ЖОРГО ЖӨНҮНДӨ АЗЫНООЛОК КЕП…

<<Алабаш>> жоргонун аброюна кошумчалай турганым бул!

Башынан эле элде «Сулуу кыз», «Даванга чапчу күлүк, жорго ат

Адам атын ар дайым апп тарыхка калтырып келген деген кеп бар.

Ошол сыңары, <<Алабаш>> жоргонун даңкы да өз убагында

Жумгал чегинен алыс кеткен белем?..

Кыргызстандын 40 жылдык маараке тоюнда <<Алабаш>>

Бекеринен дубандан тандалып, Москва шаарынын ат чапчу

Айлампасында байгелүү орунду албагандыр?

Кулук ат менен Сулуу кызга ким кызыкпаган бул жалганда?

Убагында өз айлынын тың уулу Самүдүн атабыз да

Башкармалык кызматынан бекеринен аксабагандыр? Алабаш

Атынан улам…

Себеп дегенде, ошол кезде Жумгалда райондун биринчи

Катчысы Садыр Базаров боло турган… Ал да <<Алабаш>>ты ат кылып

Минсем деп чычаладай көзүн нечен жолу кызарткан имиш…

Ал эле эмес ШОРТОҢДо өткөн күздөгү болчу береке

Майрамында <<Мен минем, сен минесин» деп экинчи катчысы

Молдоибраимов менен көпчүлүктө кайым айтышып калып, кеп

Убакыт өтпей эле бирөөсү кызматтан четтетилген дешет…

<<Алабаш>>тын акыркы жашоосу КӨЛМӨ жайлоосунда, жал-

Куйругу кыркылган тейде, арча токой ичинде анкыган шибер жыты
Бар, кулку чачкан күмүш булактуу капчыгайдын күнөстүү бетинде,
Оттуу белдерде, көбүргөндүү төрлөрдө өткөн дешет…

Самүдүн атабыз гана «Алабаш»ты кармап келип (башка бир да
Жанга карматчу эмес экен, жарыктык…) кызыл кырман маалында,
Кылкылдаган көпчүлүктүн алдында ак бата менен атын туура тартып:
«Ак малым ыраазы бол! – деп айтып, атын союп, элге ширин этин
Тараттырып жиберген экен…
Самүдүн ата өзү <<Алабаш»тын этинен бир чымчым да алган
Эмес дешет…
Уккан кабарда канча асый болуп картайса да, кайран асыл мал
«Алабаш» күлүктүн эти баглан козунун этиндей бал татып, Турганын
Ал ырыскыдан ооз тийген арбагы бийик аталардын ооз учунан кеп-
Сөз кылганын, ал кезде жашыраак болсок да, кулагыбыз чалганы
Бар!

## «АЛАБАШ» ЖОРГО…

*(Самүдүн атага эстелик)*

О, ал кезде
Биз тестиер боз балдар!
(Бизде болбос арман да?..)
Аталарга учкашып,
«ШОРТОҢ» деген
Баруучу элек майрамдап...
Өйүз-бүйүз
Жыюжыйма эл!..
бийик жерге,

Көк жайыктай көөлгүгөн,

Кудай акы

салып койгон серүүнге?

Бейиш окшош

жапжашыл,

Жер ойдуңу

Он чакырым keминде?..

Чоң майрамдар,

Чоң жыйындар,

Өткөрүлгөн бул жерде...

Өзүнчө эле

Бир керемет жер эле!

Күн бүгүн да

Эсте турат,

Көз алдымда

элес-булас!

Экрандай тартылып...

Ач-айкырык

куу сүрөөн,

Кыт-кыт кулку

каткырык!..

Кызыл беттер

тептегерек,

Кызыл жүздүү, ачык көңүл

Шат адамдар...

Мээримдүү да, Бактылуу?!

Кызыл-тазыл кийинишип,

Кыйма-чийме жугурушуп?..

Кээси атчан, кээси жөө...

Бирде четке

Бирде ортого сүрүлүшүп...

Келдей толкуп

туруучу эле,

Кайран эл!..

А биз, тентектер!

Тестиерлер...

Боз чечектер?

Серүүндө,

Өйдө-төмөн жүгүрүшүп...

Ойноок кезибиз,

Ойлор кулук...

Көңүлдөр көктөй бийик,

Көөдөндөр

сүйүнүшүп?..

Мына азыр:

- Ат чабылат!

- Жорго салат?

- «Көк бөрү>> кызык оюн...

«Кыз куумай» бул, башталат?

-экен дешип,

кызууланып, эл турчу

Казганактап?..

Жулкунуп, азоо аттар!

Кызгалдактай

Кыз-жигиттер

Алтын курак,

Садагалар!..

Турушчу,

Сырдуу карап, салабаттуу…

Суулукташып,

Минээр атты?..

Кыл чайнашкан,

Кыраандар

Көк жигиттер!

«Көк бөрүчү» - көк беттер?!

Өз кезегин бербестен,

Ат үстүндө ойноп турган,

Ар-намысын ойлоп турган?

Көк жал эрлер,

Азаматтар!..

Көпчүлүктөн

Эки-экиден бөлүнүшүп,

Өнөк болуп

Каруулары торсоюп

Кыл чайнап, камчы үйрүп

көрүнүшү...

Сөгүнүшүп?..

Жан тери,

Жаагы ылдый төгүлүшүп...

Элдерге оюн-ЗООК

куруп бериш,

Булар үчүн

Көнүмүш иш?!

Ага удаалаш...

Таң заардан

тээ АРАЛдан...

Ат чапчу аралыктан?..

Салмоор таштай

ЗУУ-ЗУУ этип,

Коё берген аттар келчу...

Каздай чубап?

Бириндешип, улам-улам...

Бири келип, бири жок?

көрүнүп

тээ алыстан караандары...

Кадамдары...

Кулуктун илкип аран

Туяктары...

Желдей учуп

Жапырып

Жал-куйругу

бул аттардын,

желектей булгап келчу...

Жел жетпес аралыктан,

Жешилтип туяктарын?!

куйрук-жалы...

кулактарын?..

- Чыгыптыр «КЫЗЫЛ ТОРУ»!

- Кулчыгачтын күлүгү го,

Мына мобу?..

- Желмаян табында экен

Ким экен Саяпкери?..

- Чапкан бала

чарчады го,

Ата көрү?!

— Дешип,

Далайга бак-бак этип,

Сын имерип?..

Аталарым,

Санжыра сөзү бүтпөй,

Балага бата берип...

Күлүктү

Ары-бери жетелешип...

Токтотпо?!

- Кара терин, терсин - дешип,

Көөдөнү көктө болуп

ыргытылган!..

Кой союп «аксарбашыл»

Күлүккө көз тийбесин,

Деше турган...

Жарыктыктар!!!

Майрамдын көркү чыкчу

Жорго салса?

Алабаш жорго да бар

арасында...

Жорголор

Жүрөт канчоо? (сагалашып...)

Алабаш жоргонун жоргосу эле

Ал аттардын

<<Ана башы»!..

Атагы АЛАБАШтын

Ай, зор эле...

Маскөөдөн

Чоң байгелүү болгон эле...

Мактоонун эчен сөзүн

алган эле...

Тулпардун-тулпары эле,

Буудандын - бууданы эле...

Талыкпаган...

(Жолун болгур?..)

А бирок

А да кээде адырандап?..

Ала качып...

Жоргосу бирде «жанып»...

Таскагы татырактап?..

Кызыганда

Кумдай «элеп», кылдай «терип»...

Жоргосун салаар эле...

Ай, жарыктык

жагалданып...

Көркөмү

жомоктогу кереметтей,

Көргөндө караанын эл...

Бир моокуму канаар эле!

Ой, тоб-бо!

- Сызгандай жел?..

Дыйкандай

үрөн сепкен,

Себеленип?..

Кемирип ооздугун,

збеленип?..

Омуроого көбүк чачкан

Күүсүнөн ал жоргонун,

Жер көччү...

Жеӊ алдында,

Жер айланып, тебеленип?..

Жарыктык

Алабаш ат безип барат...

Бүткөндөй бут ордуна

Эки канат?..

Дүйнөгө жалгыз өзү

бир келгендей,

Жүрөгү бир нерсени

Сезип барат?..

Жылкынын КАМБАРЫбы

АЛАБАШ бул?

Кызыды жаны гана

Кызыталак!

Чак келбейт арышына,

Айланпан!..

Алысын да?..

Жоргонун тийип туру

Намысына?..

Куу! Куу!лап

сүрөөн сүрөп,

Сан түмөн эл...

Жаңырат үндөр бийик,

Асманы да, адамы да!

Кайкып учат алыска

Намысың ал!.. төх-х!!!

Алабаш,

агытылган агын суудай!

Созулуп турна мойну

Аппак КУУдай?..

Мин-сан көз

аны карап,

Алымсынбай?!

Жаа болуп адам көзү

Сайылып тур!

Адамдай ал жаныбар

Бийик эле

Намысына?.

Даң салып,

Мөөрөйдү алса…

Кемирип ооздугун

Жер чапчып, желдей ойноп

Кажынычу?!

Жорго салыш…

Жорго чабыш?..

Абалтан келе жаткан

Ата салты…

Баба салты!..

Эр намысы…

Эл намысы!

АЛАБАШ окшош тулпар

<<ТАС>> жорголор!..

Минден бир

Чыгат тура

Билсен баркын…

Элинин таалайына

Күлүктөр болот экен

Бир жаралган,

Чыккан даңкы?

Тарыхта,

Атабыз САМҮДҮНДӨЙ

Эрлер болгон…

Саяпкерлер!

ТОЛУБАЙЛАР!!!

Көзү өткөндө билинген

Адам баркы,

Эх-х! Жалган дүйнө?..

**13.05 2001-.**

## СОЛТО ЖЕРИНДЕ ДОСТОР ҮЧҮН ТОСТОР!

## ООРУКАНАДАГЫ ЫРЛАР

## АСЫЛДАРДЫ ЭСКЕРҮҮ

## АЛА-ТОО КИНОТЕАТР АЯНТЫНДА…

## ШАКЕ САГА АЙТАМ…

ТАЛЖАН

Аялдын асыл чүрөгү,

Айтылган ачуу чындыктай.

Акылы менен бул өңү,

Акшайы, жибек, баркыттай.

Ар сөзү турган түрлөнүп,

Азамат эрге жарашкан.

Атабыз алган түбөлүк,

Аялдай «Акыл кара чач».

Апабыз ушул билелик?!

Кыргыздын салтын барктаган,

Кыз кезинде Чаңгылдын.

«Кыдырдай» үйүн аттаган,

Кызылы кызыл, агы ак,

Кыздарды төрөп, таптаган.

«Кызыл гул» турса ыргалып,

Кыжымы төшөк каптаган.

Кызыгын көрүп турмуштун,

Куда-сөөк күтүп барктаган.

Кудайдан башка бир жанга,

Купуя сырын ачпаган.

Кулпудай бекем, сымбаттуу,

Куту бул үйдүн, ак Талжан.

Намыска тоодой бек турган,

Накыл сөз айтып кеп кылган.

Наркына аял теңелгис,

Набаттуу камкор энебиз.

Акылы жетик, жер мүнөз,

Ападай азыр кең мүнөз.

Табигат берген жылоолоп,

Таланттуу аял, эр жүрөк.

Табылыш кыйын аймакта,

Таасирдүү буга теңдүүлөш.

Макалдатып сөз айткан,

Маанисин билээр деп айткан.

Адамдын оюн айттырбай,

Акылын сезип кеп айткан.

Айылдаш, тууган, абысын,

Аттиң! - деп ага көз арткан.

Адамды карап ат койгон,

Аялдан чыккан «баш койкоң».

Айтканы келип оозунан,

Адамдар буга баш койгон.

Талжанга «найза» сунуучу,

Табылбас пенде бул учур.

Айтышып көрсүн кошокту,

Аял жок айбат кылуучу.

Абийирин кошо уялтып,

Азил-чын сөзүн угуучу.

Акылман ушул энебиз,

Айылдаш бизге туруучу.

Айылга турган көрк берип,

Азыркы турган турушу.

Ай, Чолпон сындуу келбети,

Асмандап күйгөн жылдызы,

«Ак Мөөрдөй» ушул энебиз,

Аял заттын сулуусу.

Арналган ага бул саптар,

Апага сунган гүл ушул.

**Фото**

**ТАЛЖАНДЫН КЫСКАЧА ТАРЫХЫ…**

ТАЛЖАН апанын кыскача таржымалы мындай! Солто элинин,

Бир кезде солкулдаган сонун кызы экен… Өӊ десе өӊү бар… Акыл

Десе акылы бар. Ышкындай солкулдап турган убагында,

ЖУМГАЛдан «бала кулак» болуп сүрүлүп, (Чүйгө башпаанек кылып

Барган) ЧАӉГЫЛ деген чалга турмушка чыккан… Чал дегенибиз,

Азыркы баамда «кырктын кырындагы» эле киши экен… ТАЛЖАН

Апабыз ал кезде он алтыга жаӊы чыккан, томурайган тоодактай толук

Аппак моюн, беш көкул кыз экен…

Эки жаштын ортосундагы арзуудан башка да булардын башын коштурган кыз тарапты кызыктырган, жигиттин жигердүү оокат-тиричилиги, кыйналган кыйын турмуштун кытыгылуу «кыйгылы» да кошумча болгон көрүнөт?.. Айтор апабыздын айтымына караганда Талжандын апасы:

– Өлүгүӊдү көрөйүн бетпак, мындай эрге тийбегенде кимге тиймек элеӊ? Бай сөөлөтү бар экен... оокаты байма-бай экен! Оорсок үйдү очойуп саап отурганча, обу жоктонбой эле ушул баркында эрге чыгып ал! Ооруӊду колдон, жеӊилиӊди жерден алат.

Улуураак болсо, атадай акылын берет сага? Көп келжиребе! убакыт-саат бат эле өтөт... Камыр-жумур болуп таанышып, коюн-колтук алышып, чогуу эле картаясыӊар, кудай өмүрүӊө береке

берсе? - деп, күйөө тарапка «күч менен» узатып жиберген имиш...

Чангыл атабыздан ТАЛЖАН апабыз «элечектей» эки кыз төрөгөн

экен...

Бири Кулжакан экинчиси Райкан... Ал кыздар азыр очор-бачар

болуп, ошол эле апабыз турган айылда турушат...

Биз да бир жылдары «тагдырдын тамашасынан улам» ушул

ТАЛЖАН апабыз турган айылда, булактын суусун бир ичип дегендей,

бир дасторкон четинде «ата-бала» болуп көп жылдары жашап

келдик...

Талжан апабыздын «ачуу-таттуу» сөздөрүн далай жолу өз оозунан угуп көрдүк... Азыркы мезгилде, ападай сөзмөр асылкеч

адамдар ал айылда аз эле калды көрүнөт...
Дээринен сөзгө чечен, куйма кулак бул аял, өз убагында өмүрлүк жолдошу ЧАҢГЫЛдан уккан санжыра کептерди көкүрөгүнө илип алып, көөдөнүндө «көрөңгөсүн ачытып», элге тартуулап келгендей түрү бар!..
Кошок десе кошогун кошуп, эки сөздүн бирин жамактатып, куюлуштуруп сөз кураган ТАЛЖАН апабыздын талантына тан беребиз кээде...
Турмуштун өзүнөн калпынган, кеменгерлик кеп-сөздөрү менен
Ой толгоосу шайкеш келип, керемет кеп-сөзду жараткканТАЛЖАНДЫ бул дүйнөгө ким жаратты экен, бурадар?..

**ТАЛЖАН**...

*Сөз башы, бет ачаары...*

Биз бир кезде жашап турган айыл, кадимки эле кыргыздын чакан, нукура кыргыз айылы болчу.. Ашык-кеми жок 200 түтүн эли бар эле. Ар айылдын өз деңгээлине жараша атындай, затындай каада-салты болот эмеспи... Негизинен карапайым дыйкан эл турат, бул жерде... Ар адам өз иши менен алек болуп, эртеден кечке көр тириликтен колдору тийбейт...
Күзгө жуук аш-тойлордо гана элдин колу бир аз бошой калган убакта, ата-баба салтын кылып аш-тойлор башталат... Тойлор сармердeнсиз өтпөйт... Көкбөрү тартылат... Балбан күрөштүрүлөт... Оромпой тебилет... Байгелер берилет... ошентип кыргыздын илгерки каада-салты сакталып келинет бул жерде...
Ушул айылда той башталаарда, качан кечки «сый тамак» элге тартылаарда кеп-сөзү менен элге алынган, «керемет аял» ТАЛЖАН

ириде алдыга өтөт, анан той башталат... той уланат өз каадасы менен...

Тойлордун көркү болгон ТАЛЖАН апабыз азыр да айылда аман-эсен жашап турат...

Ар бир айылдын көркүн ачкан, өзүнүн КУТундай сезилген, ушундай бирди-жарым адамы болот экен. Ал адам болбосо, айылдын ажары анча ачыла бербейт... Ошол жерге, ошол элге көрк берип турган «ЧОЛПОН» жылдыздай!.. Айылдын кемчил жагын толуктап турган да ошолор!..

ТАЛЖАНдын бул тойдо болушу да өзүнчө шан-шөкөттү апкелет, элге... Кийингени да башкача элден, апанын.. Сүйлөгөн ар бир сөзү куюлушуп макалдап турат... Бир сөзүн кайра кайталабаган адам.

Эл арасында ТАЛЖАН жөнүндө ар кандай легенда сөздер бар...

ТАЛЖАН бир көргөн адамын жазбай тааныйт дешет.... Кебете-кешпирине карай ал адамдын ички дүйнөсүн аңтаргандай «ат коёт>> имиш ага, сүйлөшөөр замат... Ал адам ошол аттан өмүр бою качып кутула албай калат, менчиктелет ошол «ат», ага...

Сөз башталаарда үнүн жасап, кер маралдай керилип, ээк-кашын серпип, эки жагын эликтей каранып, алдыга теминип, кадимки жарышка түшкөн тулпардай «ооздугун чайнап, кемирип», турат...

Сөздүн түз маанисинде айтсак, тили менен ээк-башын бир жаланып жиберет, сөз учугун «илип» алаарда?..

Сөздү өз убагында «бетке чапкандай» айтып коюш бул киШИНИН башынан келаткан адаты, салты болсо керек бейм?.. «Сөз убагында айтылбаса атасы өлөт» имиш... апанын айтымында...

Ошондуктан апанын айылдаштары, абысындары ТАЛЖАН сүйлөөрдө аярлап, чочуп турушат, ага аяр мамиле кылышат...

Апабыздын лакапка айланып эл оозунда жүргөн сөздөрүнөн эсибизде калганынан «үзүл-кесил» кеп таштап көрөлү анда...

«Эл ичи өнөр кенчи» демекчи, сөз кадырын баалаган, «сөз баккан» адамдарга кыргыз эли илгертен сөзүнө конок берип келген... Туура айтылган сөздө тууган жок демекчи, туура айтылган сөздө сөз баркынан бөксөрбөйт, сөз наркынан бузулбайт...

Энебиздин сөздөрү «алтын сырга» болуп кулакка илинип калсын демекчибиз!

Жаштар мындан тарбия алсын...

Кулактын кычуусу кансын... Окурмандар тамшансын..

Апабыздын аты ак кагазга тарых болуп жазылып калсын...

Анда сөзгө конок берели...

## ТАЛЖАНДЫН «КОШОГУ»...

Айылда биз «жезде» деп койчу КАМПАЧЫ деген аты бар, «кудай момун» заты бар, бир киши тураар эле... аялы ЭРКЕЖАН эже кара жумушка «күжүрмөн» адам эле... Эртеден кечке мал-салы менен алек болуп, огородун отоп, картошкасынын чөбүн чаап, суусун сугарып, үй оокатын жетектеп, колу тийчү эмес керели-кечке иштен...

Жада калса, «жездени» караганга да чамасы, убакты-сааты жетчу эмес...

<<Жезде» болсо көмүр складына кароолчулук кылчу... Майда-барат иштерин кошо бүтүрүп, жумуштан эрте же кеч келчу... Келген менен керилип кетмен чапчу эмес... Көк эшегин камчыланып «көнгөн суудан» татып алып, көмөкчү, үйдүн жумуштарын да жарытпай олтура кетчу көлөкөгө, далысын салып... жарыктык киши!..

Ошентип журуп жашоо курагы да келип жеткенби?.. Алтымышка не чыгып, не чыкпай «о дүйнөгө ат салды»...

Сый-урмат менен айылдаштары, ага-туугандары «жакшы адам

эле», «жакшы киши эле>> дешип, акыркы сапарга урматтап узатышты...

ЭРКЕЖАН эже да «кыз алган жары» эмеспи, кыйла ыйлап-сыктап жоктоду... Илгертен калган салт менен кооз үнгө салып КОШОК узатты, минтип:

Аа, кутманым!..
Суур ичик кийдиң жылуу деп,
Сур жорго миндиң сулуу деп...
Суур ичик жүккө жыйылды,
Сур жорго оозу тыйылды...
киң - аа...

Аа, кургурум!..
Тор жорго миндиң сулуу деп,
Торко ичик кийдиң жылуу деп...
Торko ичик жүккө жыйылды,
Тор жорго оозу тыйылды...
киң - аа...

- деп, ЭРКЕЖАН эже кошогун бүтүп-бүтпөй турган чагында, айтып-айтпай бүтө электе жанында, боз үйгө кайдан-жайдан, аттап-буттап кирип келе жаткан ТАЛЖАН:

- Ай, катын! Сен кайдан таптын мындай кошокту дебеспи?

Токтот, бул кошогунду!.. Ар кимдин өз кошогу бар!.. Андай айтпай мындай айт кошокту КАМПАЧЫ кайниме дебеспи?..

–И-э, өлүгүңдү көрөйүн! КАМПАЧЫ качан «сур жорго» минди эле?

– И-э, өлүгүңдү көрөйүн! КАМПАЧЫ качн «суур ичик» кийди эле?

Кудайды карасан боло, бетпак?..

Сур эшектен башка КАМПАЧЫнын «жоргосу» бар беле?

«Пупайке»ден башка сен тигип берген «торкосу» бар беле?

Байкуштун... Жада калса үстүндөгү чаңын күбүп койчу эмес элен го,

катын болуп кара жерге кир! - десе болобу?..

Оозу-башын шыпырып, ТАЛЖАН кошок айтып баштайт минтип:

О-оф, кутманым!

КАМПАЧЫ атын ал эле,

Карaанын бир эркектей бар эле?

«АКТУП» да эмес «киши>> эмес

Арада жүргөн бир <<ЖАН>> элең?..

кин-аа...

О-оф, кутманым!..

Момундун элен момуну,

Моюубас барга, жогуну?..

Эндекей жашоо өткөргөн,

Эркектин элең сонуну...

кин-аа...

Аа, байкушум, көзүң жалдырап,

Арактан ичсең балдырап?..

Ак көнүл неме сен элең,

Ак үйдө күйгөн шам чырак!..

кин-аа.

киң-аа...

Аа, байкушум!

Сур эшек миндиң сулуу деп.

Пупайке кийдиң жылуу деп?..

Пупайкең жүккө жыйылды,

Сур эшек оозу тыйылды...

киң-аа...

Аа, бечарам!..

Кара эшек миндиң сулуу деп,

Купайке кийдиң жылуу деп?..

Купайкең жүккө жыйылды,

Кара эшек оозу тыйылды...

киң - аа...

Аа, кутманым!...

Турмуштун тарттың запкысын.

Адамдын элең жакшысы!..

Алла Таалам жай берсин,

Бейиштин ачып ачкычын!..

сага-а!.. киң - аа!..

кин - аа!..

- деп бүтүрдү...

Менин өз түшүнүгүмдө: үй-бүлөсү адамды көзү тирүүсүндө сыйласа, сылап-сыйпаса, кадырын билсе болчудай! ТАЛЖАНДын кошогу «так ошону» көзге сайып айтып көргөзүп тургандай таасир калтырды мага ушул жолкуда...

**ТАЛЖАН «АТ КОЙГОНДО»...**

Бул тамга жаңы эле көчүп кирип, айыл-апага «сый тамак>> берип коёлу дегенбиз...

Бизге кошуна болуп ТАЛЖАН апа турчу эле... Кимди чакырсак?

- деп кеп-кеңеш курсак, ТАЛЖАН апабыз айтып калды:

- Тигини чакыр>> Муну чакыр! Деп... Ал силерге сууган болуп

кетет Дүйшенаалыны да чакырып койгула? - деди...

Угушубузга караганда Дүйшөнаалы жаш кезинде «өрт болуп»

чыккан курч киши экен... Ошондон уламбы, айтор бир чон эр чабышта сол көзүнөн жаракат алып «көзү агып» калган дешет...

Ордуна ак материалдан тыгын кылып, таныпалган жайы бар...

Бетинин майып жагын ар дайым ак чүпүрөк менен кыйгач таныпжүрчү... Ошондон улам, танылган жагы эсибизге жамаачыдай элес

калтырыптыр...

Мурда «актип чалыш» болуп жүрүп арактын азабын кеп эле

тартыптыр байкебиз. Ушул кезде ал бадачы болуп үй кайтарып

турган кези болчу...

Таанышуу «татмайынча» болчу беле... Коньяк, Шампан

ичкиликтеринен алганбыз... Жакшы каалоолор айтылды... Тосттор

көтөрүлдү.

Дүйшенаалы агабыз бүгүн негедир ичкиликтен ныпым албай,

сез да сүйлөбөй олтурду, дудуктай дымып...

Аны байкаган ТАЛЖАН:

Ээ, Дүйшенаалы кайним, сен эмнеге ининдин, келиниҢДИН

берген «сый тамагын» ичпедин? - деп, жообун күтпөй андан ары улантты:

- Ээ ботом, көчөдө саткан «самопал» кайдасын? - деп эле,

салып-уруп жүрчү элең, «думанадай желип»? мындайда сыйлаган

тамакты ичпейсинби?- деди кайра...

Дүйшенаалы тунжурап жооп кайтарбады. Бироокумда «бурк»

этти:

- Ичип, өлүп калсамчы, жеңе? - деди, Дүйшенаалы суроолу

карап...

Анда ТАЛЖАН:

- дебеспи

-И-э ичип өлсөн атын калат!..

- Бакандай инин көем салат?!

- А, мен минтип кошок кошом сага!

- Кайран кайним, кутманым! - дейм,

Жалгыз көздүү сырттаным! - дейм,

Айылчылап келгенде

Коньяктан ичирип,

Бул кайнимди жуткамын!

- дейм деди, анан кайра обдулуп:

Кайран кайним, кутманым! - дейм,

Кабылан көздүү сырттаным! - дейм,

«Самопол>> ичип сасыбай,

Сыйлап берген тамагын,

Сырактабай ууртагын?

- дейм, деди...

Ал сөздү дагы көңүлүнө алган жок Дүйшөнаалы агабыз, унчукпай мелтейди... Эсибизде калбаптыр эмелеки ырына ТАЛЖАН эки-үч «жамагын» дагы кошту... аягында стаканды колго алып, самоордой унун создү:

- Ээ, жаман шымдын жыртыгындай болгон өлүгүндү көрөйүн!..

- Ичпесен ичпе!.. Балакетимди ал!..

- Ичпесең өлө турган өмүр саатыңа келип тургандырсын?-деп, сөзүн бүтүрдү...

Эки-үч ай өтүп-өтпөй ыраматылык Дүйшөнаалы агабыз аттан жыгылып каза тапты... Бу дүйнө менен кош айтышты..

Оозуна сала бергендей ТАЛЖАН ага арнап кошок кошту...

Ошол болгон отурушка, ТАЛЖАНдын «тамашасына», ушул

убакка чейин таным бар!

Бирок Дүйшөнаалы агабызга айтылган ТАЛЖАНДын «шымдын жыртыгындай» деген сөзү ат болуп ага биротоло бекиди... Мойнуна тагылган жарлык болду... Айылда лакап болуп айтылып калды..

ТАЛЖАН «СЫН БЕРГЕНДЕ»...

Апабыздын айылдан келгенине бир топ эле болгон... Жай айы эле... Короонун ичи бак-шактан улам, ичи куДУМ <<ЫСЫК-АТА>> курортуна окшоп гулзар эле...

Апабызга учурашабыз деп Кочкордон кайним, келиним келип калышты... ТАЛЖАН менен апам Абыйкан эрмектешип ар нерсени аздектешип, короодогу «тапчанга» жайылган көлдөлөндүн үстүндө төшөк каптап отурушкан эле.

Кайним айылдан апасына деп тел башы>> козусун сала келиптир... Келиним сумкасына «продукт» көтөрө кирип, кол чаначтагы кымызын мага сунду:

-Жезде, апамдарга ооз тийгизели деп ала келдик эле айылдан. Соң-Көлдүн кымызы, - деди.

Кайра тез эле сыртка чыгып, алып келген оокат-кечелерин машинадан түшүргөнү кетишти...

Май айындай кулумсуреп, балдарына жетине албай турган апам минтип калды...

Э ТАЛЖАН бу сен дегеле элди кыйын сындайт деп угам менин келинимди бир сындап керчү? - деп калды...

Көз кыйыгы менен бир караганда баам салган ТАЛЖАН, эчак эле келинди бизге учурашып кирип-чыкканынча эле байкап коюптур...

— И-э, сынадым келиниңди! - десе болобу, бир аздан кийин.

- Бат элеби? - деди апам таңгалып...

- Сынадым... таза жуулган семиз койдун керчөөсүндөй болгон келинин бар экен дебеспи?

Баарыбыз каткырып, салыштырган тууралыгына баа берип күлүп калдык...

Чынында келиним женил-желпи кыймылы бар, чарчы бойлуу, ак көңүл, ак жуумал, толугураак келген, боорсоктой кызыл жүздүү келин эле...

Талжандын кыраакылыгына, сөз тапкычтыгына толук ынандык...

Сынына баа бердик!..

**ТАЛЖАН «СОГУШ УЧУРУНДА».**

Анда согуштун болуп турган убагы эле де эскерет ТАЛЖАН апабыз..

Айылда колго жараган эркек аттуунун баары согушка кеткен...

Калганы кемпир-чал, келин-кесек,жаш балдар, өспүрүмдөр... Күн сайын болбосо да согуштан кат-кабар көп келчү... Кээсине жакшы кабар «жетсе», кээсине «кара кагаз» кетчү...

- Чиедей жаш калган келиндер, чалдарга кор болду го анда, - деди, курсунуп ТАЛЖАН... «Кара кагаз» менен «ый» келди... Аял башына «тул кийди»... Чалдар жаш катын алсам деп «ээленип» турду... Көп жесирлер «көөнү жок» эрге тийди... Кер тирлик кылды...

Ошондо айылдын келиндери кара кагаз колуна тийсе эле кез-кез мага чогулуп келип калышаар эле...

Эже, сен угузуп бер дешип! Көбү менден кошок жаздырып алчу.. «Баланча дайынсыз кетиптир», «түкүнчө курман болуптур», <<баатырдык кылыптыр» дешип жесирлерине көңүл айтаар элек...

Көңүл оорутпай турган сөз таап, «көкүлүн сылап» кайтчубуз, көңүлүн улап жесирдин.

Эсимде калганынан жобурап берейин...

Жаш жигитине жесири минтип кошсун деп муну чыгардым эле:

Кум белге кузгун конгондур.

Кум-ташты кузуп, тойгондур?..

Куттуу үйүмдөн «ый» чыкты,

Кудай кошкон жаш төрем,

Кузгундун жеми болгондур?!

Карkайып КАЖЫР конгондур,

Карды ачса карды тойгондур?..

Кан белде калса көмүлбөй,

Кагылайын жаш төрөм,

Кажырдын жеми болгондур?!

Кадырлаш күйөөм, ойрон бул,

Кан күйгөн жерде болгондур?

Капилет жерден окко учуп,

Какым бир гүлдөй солгондур?!

*Энелерине минтип коштурчу элем:*

Армандуу жандай болдун кеп,

Арманың ичке толду бек!..

Апалап келбей алдыма,

Айланайын «жаш ботом»,

Ак кагаз келди «өлдү» деп!..

Көз көрүп, кулак укканга,

Ишенбейт экен бул жүрек!..

Көнөбү буга куу жүрөк?!

Күйүттүү жандай, болдуң кеп

Күйүтүң ичке толду бек!..

Күдөрүм үзбөй мен жүрсөм,

Көк кагаз келди «өлдү» деп...

Көк кагазга ишенбей,

Көп үмүт кылат бул жүрек?

Кенбейтко, кокуй, бул журек!..

-дечү элек...

Согуш болбосун, согушуң сомуран калсын... Азыркыдай турмуш кайда, айланайын...

Ошондо:

-Германың кыйын иш кылды,

Келжейген кемшик чалдарга,

Керилип баскан мээнеткеч,

Келин-кызды туш кылды...

Согушуң кыйын иш кылды,

Солкулдап баскан ышкындай,

Сооруда чачы өрүлгөн,

Солуктап ыйлап кыз турду?..

Сүйгөнүнө жеталбай,

Сүрсүгөн тээжик чалдарга,

Сүйбөгөндү туш кылды!..

- деп, сөзүн бүтүрдү ТАЛЖАН шыпшынып...

**ТАЛЖАН «ЖАҢЫЛГАНДА»…**

- Ээ ботом, бул келинин ырас эле неме го тыпылдаган, кай

Жерлик экен? – дептир ТАЛЖАН апабыз, жаңы келген келинге ормоё

Карап:

-Көлдүк экен, көлдүк! – дешкен го…

- Апей, катын! Анда өлдүк?! – дептир чочугандан оозун басып

ТАЛЖАН…

Жаңы келген келин тайманбай апага карап:

- Апа, сиз Чүйлүксүзбү? – дептир, суроо кайтарып, тастаңдап.

- Ооба, ботом!..

Анда Чүйлүктөн биз да күйдүк! – дептир шымаланган

Жарыбагыр жашабай жатып…

Сөз тапканын кара?..

Талжандын оозу аңырдай ачылыптыр… Жаңылганын сезип

Суроосу тып басылыптыр…

**ТАЛЖАНДЫН <<ДУБАЙ САЛАМЫ»…**

– Күжүрмөн «күркүл» букадай күркүрөп жер челген өзүнө наалат!

- деп коёр эле ТАЛЖАН. Сагындын мас болгон кебетесин көрүп…

Сагын илгертен күжүрмөн адам болчу… Колхоздун болгон

Кезинде, короо-короо кой бакчу… «Комсомол» болбосо да эмгегин

Баалап «жаш чабан», «алдынкы чабан» деген атак алып, эчен жолу

Сыйлыктын ээси болгон дешет айылдаштары. Төлүн аман сактап…

Коюн семиз баккан… Эмгегинен баар тапкан… «Жер казар» атка

Конгон… адам ушул болчу…

Азыр Сагындын «боз бөлтөгү» демекчи, ЫСЫК-АТА тоосунун

Этегиндеги <<БӨЛТӨКТӨ>> КОЛхоз тараткан чоң кашарды ээлик кылып

Кароолчулук, фуражердук жумуш аткарат…

Андан тышкары айыл-апа, акысына малын кошкон, акчасына

Болуп корстон, кой кайтарып, кой багат, жер сууганча?..

Бирок бадага алган малдын семизин өз коюндай тандап соёт…

Ордун бербейт… Карышкыр «жеп кетти» деп, карышкырга шылтап

Коёт? Буга эл наразы… Элдин ушагына кулагы кызарат, (тунат) өзү

Да ага ызаланат… Арактан «согуп» алып, «күйүтүн» басып, күчүн

Чыгарат.

Элге энчиге берген тоонун, адырдын чөбүн чаптырат.. Чөп чабык

Учурунда эл ал жерге <<ат-маты>> менен, «соко-шаймандары» менен көчүп барат…

Сагындын күжүрмөндүүлүгү эки эле АПТА... Ошого аран чыдайт

ал!.. Кээде чөп чабуу кызуу башталган кезде да ошол «өнөктүгү»

унут калат... Жумушту аягына чыгарбай, чоп чабылбай «саргарат»...

Себеп дегенде, айылдан (жатакчылар) көп адамдар, жан

достору, жарма достору барат... Чеп чаптырат...

Көңүлү сүйгөнү да, сүйбөгөнү да «көк бөтөлкөдөн» көбүрөөк

алат.. Сагынга «көрүндүк» алпарат... Сакен ошондон улам «жер

сабап» калат... Көк бөтөлкөнү көрсөтсөң «өлөт», көк буадай «жер

челет»?.. Өкүрүк-бакырык салып, өрөөндүн шайын кетирет...

көпчулуктун «мазгисин» чагып, тынчын алат...

көсөмдөй сүйлөгөн ТАЛЖАН апанын ага арнап чыгарган «дубай

саламы» (элдин атынан) ага арналат:

Адамдан башка ырайы,

Ач «БӨЛТӨКТҮН» «кудайы»?..

Башкарма койгон талап жок,

Боштуктан башка «санат» жок?.

Бопорос менен арак жок,

«Боз-Бөлтек» ту кайтарып,

Бозодой шишип балтайып,

<<Борбордон» келет арак, - деп,

Бозоруп турган убагы?..

Бу Ашырбектин «чунагы»!

Кеп-сөзгө жок, чыдамы,
«Кер Букадай» ыраңы.
Керээли кечке боштуктан,
Кечээги колхоз жоктуктан,
Кет, ай! - деген киши жок,
Келгиче жайлоо убагы?..
Кер букадай «оонаган»,
Кер адырдын тулаңын?..
Керээли кечке ичсе да,
Кебелбей, турбай ордунан,
«Керзовой буттай» сулаган!..
Келесоо эмес, киши эмес,
Кемчонтой окшойт, бу Сагын?..

«Кур дүрмөт» Сагын, аманбы?
Күндө айтыш калпты, жаман го?
Бечара Кошсо «беш малын»
Беймаза кылып аларды!..
Карышкыр жеди «бешөөн» деп,
Бербеске кылып амалды?..
Бүбүсара бу дагы,
Аракка көнгөн аялы...
Катының экөөң аракка,
Алмашып «живой товарды»
Каныңдай ичип бирөөнүн,
«Кашабаңа» шылтоолоп,

Калп айтып туруш, жаман го?

Калп айтсаҥ ырыс кесилет,
Качандыр келет бир сурак?..
Карылык ишти кылсаҥчы,
Картайган кезде, тынчыраак!

«Күл челген>> Сагын, аманбы?
Кукуктей созом саламды!..
Күтүп ал элди кууратпай,
Күнүгө берген саламын?..
<<Күл чачаар» бала кейптенбей,
Күнде эле ичпей арагын?..

Күжүрмөн жаштык курагыҥ,
Күндө өтүп барат карагын?
Күндө эле чыкпайт «жашыл чөп»
«Күрүчтөй» болуп буралып?
Күлүктөй чуркап иштеп бер,
<<Кулала» болуп отурбай,
«Күлпөтүҥ» азайт суранам?..

Күз келээр болот убагы,
Күлпөттүн келээр сурамы?..
Күндө эле майрам, той болбойт,
Кутуунун болот чыдамы?
Күл челген бука кейптенбей,

Кулпетун азайт суранам?!